КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№__2__ протоколунда
5-ноябрь 2021-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
_______ Бердалиев Ч.Б.
05.11.2021-ж

**Мектептин сыйлоо жөнүндөгү Жобосу**

- **1.Жалпы жоболор**

1.1.Мектептин кызматкерлерин кызыктыруу жана мотивация берүүнүн формасы сыйлоо.

1.2.Сыйлыктарга төмөнкүлөр кирет:

- Мектептин Ардак грамотасы
- Алкыш айтуу
- Ыраазычылык кат

1.3.Сыйлоо чечимин педагогикалык кеңешме, усулдук бирикмелердин чечимдери чыгарат.Сыйлоо эрежеси татыктууну табуу,керектүү документтерди толтуруу,тапшыруу негизги Жобо менен ишке ашырылат.

- **2.Мектептин Ардак грамота менен сыйлоо тартиби**

2.1.Мектепте 3 жылдан кем эмес иштеген. Иштөө стажына ээ болгон. Ошондой эле усулдук бирикменин мугалим- предметниктери:

- окутуунун жаңы формаларын жана ыкмаларын,окуу- тарбия процессиндеги жаңы технологияны өздөштүргөн;
- окуучуларды практикалык жактан даярдоодо чыгармачылык активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун өтүрүү менен ийгиликке жеткен;
- жаш жеткинчектерди окутууда, тарбиялоодо көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана юбилей үчүн ;
- Эл аралык, республикалык,областтык,райондук алкактагы билим берүү жаатындагы илимий-техникалык  программалар жана проектердеги жетишүүсү үчүн;
- мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуудагы активдүү иши үчүн;
- Эл аралык мугалимдер күнүнө карата үзүрлүү эмгеги жана жетишкендиктери үчүн;
- мектептин административдик жетишкендиктери үчүн;
- мектептин чарба иштерин уюштуруудагы жоопкерчиликтүүлүгү үчүн;
- коомдук калыптануу иштериндеги ата-энелер менен туура багытта иш жүргүзгөндүгү үчүн;
- квалификацияны жогорулатууда жана кайрадан даярдоодогу үзүрлүү эмгеги үчүн;
- жаңы окуу жылына карата мектептин ондоо-түзөө иштерине сапаттуу жана жоопкерчилик менен иш жүргүзгөндүгү үчүн;

2.2.Грамоталар менен мектептин көмөкчү-тейлөөчү кызматкерлери дагы сыйлана алат.

2.3.Сыйлыкка көрсөтүлүүчү кандидаттын конкреттүү эмгек сиңиргендиги,жетишкендиктери боюнча сунуштама сыйлоо боюнча комиссияга берилет.
2.4.Сунуштама сыйлоо боюнча комиссиянын жыйналышында каралып, чечими чыгат, эгерде комиссиянын мүчөлөрүнүн 2/3 кол көтөрсө.

2.5.Ардак грамота менен сыйлоодо мектептин директору буйрук чыгарат.

2.6.Ардак грамота салтанаттуу линейкада тапшырылат.

2.7.Эмгек китепчесине “Сыйлоо жөнүндөгү” буйруктун номери, датасы түшүрүлөт.

- **3.Мектептин Алкыш айтуу жөнүндөгү эрежеси**

3.1.Мектептин Алкыш айтуусун жарыялоо төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- мектепте уюштурулган ар кандай иш-чаралар үчүн;
- мектеп администрациясынын тапшырмаларын жоопкерчилик менен аткарууда;
- административдик, эмгек, окуу жана тарбия ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктер үчүн;
- мектептин көмөкчү-тейлөөчү  кызматкерлеринин активдүү иши үчүн;
- Алкыш айтуу мектептин директорунун буйругу менен салтанаттуу линейкада жарыяланат.
- эмгек китепчесине “Алкыш айтуу жөнүндөгү” буйруктун номери, датасы түшүрүлөт;

- **4.Ыраазычылык кат менен сыйлоо жөнүндөгү эреже**

4.1.Ыраазычылык кат менен окуучулардын ата-энелери,мектептин кенже-көмөкчү персоналдары сыйланат:

- балдардын интеллектуалдык, чыгармачылык, спорттук жетишкендиктерин өнүктүрүүдө, туура тарбиялоодо;
- социалдык маанидеги проекттер, программалар менен иштөөдө;
- жаңы окуу жылына карата даярданууда сапатуу оңдоо-түзөө иштерин жүргүзүүдө, мектептин тегерегин жашылдандыруу, тазалоодогу жоопкерчилиги үчүн;

- **5.Район, областтык алкактагы сыйлыктарга сунуштоо жөнүндөгү эрежелердин тартиби**

5.1.Жогору турган ведомстволордун сыйлыгына көрсөтүү төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:

- окуу- тарбия процессин уюштуруудагы жогорку жетишкендиктери үчүн;
- окуу- тарбия процессинде жаңы технологияларды өздөштүрүүдө,окутуунун жаңы формалары жана ыкмаларын,инсандын компетенттүүлүгүн, интеллектуалын, маданиятын,инсандык адеп- ахлактыкка тарбиялагандыгы үчүн;
- регионалдык билим берүү жаатындагы илимий-техникалык программалар жана проекттерге активдүү катышкандыктары үчүн;
- Эл аралык мугалимдер күнү, ж.б. майрамдарда билим берүү системасындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн;

- окуучуларды окутууда  чыгармачылык активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө,практикалык потенциалын өстүрүүгө салым кошкондугу үчүн;

5.2.Эмгек коллективинин жыйналышында добуш берүү жолу менен чечим чыгарылат.

5.3.Сыйлоо материалдары  (сунуштама, өтүнүч кат) мектептин директорунун колу, мөөрү менен бекитилип, райондук,шаардык билим берүү бөлүмүнө берилет.
5.4.Сыйлыкты тапшыруу салтанаттуу учурда берилет.